Аккредитациялык кеңеш тарабынан каралды
Протокол №9 2024-жылдын 4-июлу
Бекитемин ___________
Агенттиктин директору П.З. Бостонова

# ЖОБО
# АККРЕДИТАЦИЯЛОО ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ

Аккредитациялоо өткөрүү тартиби жөнүндө ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 "Билим берүү тармагында аккредитация боюнча нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык иштелип чыккан.

Билим берүү уюмдары (программалары) көз карандысыз аккредитациядан өтүү үчүн «Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин»"директорунун атына программалык же институционалдык аккредитациялоо жүргүзүүгө арыз менен кайрылышат.

Арызга көчүрмөлөр тиркелет:

- юридикалык жак катары мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк,
- билим берүү ишин жүргүзүү укугуна уруксат берүүчү документтер (лицензиялар тиркемелери менен),
- аккредитациядан акыркы жолу өтүү мөөнөтүн көрсөтүү менен билим берүү уюмунун ишинин кыскача мүнөздөмөсү.

"Сапаттуу Билим" агенттиги арыз жана документтер катталган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде алардын толук бар экендигин, документтердин туура тариздалишин жана арыздын толтурулушун текшерет.

Арыз жана документтер белгиленген талаптарга ылайык берилген учурда билим берүү уюмуна же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө арызды жана документтерди маңызы боюнча кароого кабыл алуу жөнүндө билдирүү жөнөтүлөт.

Документтер толук эмес берилген, алар туура эмес тариздалген же толтурулган учурда билим берүү уюмуна же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө документтердин белгиленген талаптарга ылайык келбегендиги жөнүндө кабарлоо жиберилет. Эгерде маалымдалган учурдан тартып эки ай өткөндөн кийин билим берүү уюму суралган документтерди тийиштүү түрдө бербесе, Агенттик уюмга арызды жана документтерди маңызы боюнча кароого кабыл алуудан баш тарта алат.

Берилген арыздын негизинде "Сапат Билим" агенттиги менен билим берүү уюмунун ортосунда аккредитация жүргүзүү жөнүндө келишим түзүлөт. Аккредитацияны өткөрүү мөөнөтү, этаптары, шарттары жана финансылык чыгымдары билим берүү уюму менен макулдашылат жана келишим менен аныкталат.

Агенттик менен келишим түзгөн билим берүү уюму аккредитациялоо жол-жобосу боюнча нускамалык-методикалык материалдарды алууга укуктуу.

"Сапаттуу Билим" агенттиги жана билим берүү уюму аккредитациялоо жол-жобосун баштоо жөнүндө чечимди "Сапаттуу Билим" агенттиги менен билим берүү уюмунун. ортосунда программалык же институционалдык (мүмкүн бир убакта) аккредитациялоо жөнүндө келишим түзүлгөндөн кийин кабыл алышат. Аккредитациялоо үчүн ыйгарым укуктуу (жооптуу) адамдар окуу жай жана Агенттик тарабынан даярдалат. Аккредитациялоону уюштуруу жана өткөрүү үч этапта жүргүзүлөт.